**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу № __863/1___
«__10__» ___май____ 2022 ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистик: 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш»**

**Квалификация: техник-технолог**

**Бишкек-2022**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча мамлекеттик билим беруу стандарты (мындан ары — Мамлекеттик билим беруу стандарты) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим беруу жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнөктөр пайдаланылат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессии ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу - методикалык документтердин жыйындысы;
- **сабактардын цикли** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- **модуль** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- **компетенция** - тийиштүү тармакта кесиптик иш менен алектенүү үчүн зарыл болгон жекече сапаттардын, билимдердин, ыктардын жана көндүмдөрдүн динамикалуу комбинациясы;
- **кредит** - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;
- **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.
- кесиптик стандарт - бул кесиптик иштин белгилүү бир түрүнүн алкагында, анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды аныктаган жана кызматкердин дасыгынын сапаттык деңгээлин, ишинин түрүнө, ээлеген ордуна карабастан өзүнүн ордун туура ээлегенин мүнөздөгөн негизги документ.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу уюштуруу-укуктук формасына карабастан, кесиптик орто, билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2-глава. Колдонуу жааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча негизги кесиптик билим

берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын аймагында лицензиясы жана аккредитациясы бар, уюштуруу-укуктук формасына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик иштии тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу аккредитациялык агенттиктер.

## 3-глава. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү;
- күндүзгү-сырттан (кечки);
- сырттан окуу.

6. Кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн, күндүзгү окуу формасы боюнча окутуунун ченемдик мөөнөтү:

- жалпы орто билим берүүнүн базасында - 1 жыл 10 айдан кем эмести түзөт;
- негизги жалпы билим берүүнүн базасында - 2 жыл 10 айдан

кем эмести түзөт.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

9. Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим беруу уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Орто кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн билим берүү уюму, студент жогорку кесиптик же башка кесип боюнча орто кесиптик билим алууда өздөштүргөн өзүнчө практикалар жана (же) өзүнчө сабактардын (модульдардын) жыйынтыктарын кайра аттестациялоонун жыйынтыгы боюча толугу менен же бөлүгүн эсепке алууга укуктуу.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30 дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачеттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 45тен кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт.

10. 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты болуп төмөнкүлөр саналат: гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана

табигый илимдердин негиздерине окутуу, бүтүрүүчүгө тандап алган иш чөйрөсүндө (полиграфиялык өндүрүш жана кызмат көрсөтүү) ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берген орто кесиптик билим алуу, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек базарындагы туруктуулугуна көмөктөш болгон универсалдуу жана кесиптик компетенттүүлүккө ээ болуу.

261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты болуп студенттин социалдык-инсандык сапаттарын калыптандыруу саналат:

- максатка умтулгандык;
- уюшкандык;
- эмгекчилдик;
- жоопкерчилик;
- Жарандуулук;
- Коммуникативдүүлүк;
- Толеранттуулук;
- жалпы маданиятын жогорулатуу.

12. 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» кесибинде окуп бүтүрүүчүлөрдүн адистик иш аймагына полиграфиялык өндүрүштүн чыгарган, компьютердик мүнөздөмөлөрүн жана басма буюмдарынын түзүмдөрүн камтыган, буюмдарга байланыштуу иш чараларды уюштуруу жана ишке ашыруу кирет.

13. 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик объекттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- полиграфиялык жана таңгактоо буюмдарын чыгаруучу ишканалардын жана уюмдардын цехтери;
- полиграфиялык жабдуулар;
- полиграфиялык жана таңгактык иштердин тестөөлүк жараяндары;
- ишканаларды жана бардык түрдөгү менчиктик уюмдарды полиграфиялык текткр, жарым-жартылай даяр буюмдар жана даяр болгон буюмдар менен камсыздандыруу;
- ченемдик-техникалык иш кагаздар;
- баштапкы эмгек жамаатары.

14. 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистигин бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:

- өндүрүштүк - технологиялык;
- куроолук технологиялык;
- уюштуруучулук - башкаруучулук;
- орнотуу - ишке киргизүү;
- тейлөө - иштетүү.

Бүтүрүүчү даярданып жаткан кесиптик иш-аракеттердин конкреттүү түрлөрү улуттук квалификациялык алкакка жана кесиптик стандартка (эгер

бар болсо) ылайык орто кесиптик окуу жайы тарабынан иштелип чыккан анын билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек.

15. 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистигин бүтүрүүчү төмөнкү кесиптик иштин түрлөрүнө ылайык төмөнкү кесиптик милдеттерди чечиши зарыл:

**Өндүрүштүк-тестөөлүк (технологиялык):**

- өндүрүштүк жабдууларды колдонуу;
- жабдуулардын техникалык абалын көзөмөлдөө жана иштебегендигин аныктоо;
- жаңы буюмдаржы чыгаруу учурунда өндүрүштүк жараяндарды (процесстерди) өздөштүрүү жана аны илгерилетүү иштерине катышуу.

**Куроолук технологиялык:**

- технологиялык жабдууларды жана өндүрүш объекттерин долбоорлоо.

**Уюштуруучулук-башкаруу:**

- иш ордун уюштуруу, аны техникалык камсыздоо, өндүрүштүк бөлмөлөрдө жабдууларды жайгаштыруу;
- өндүрүштүк жабдууларды иштетүү жана техникалык колдонуу боюнча иштерди уюштуруу жана пландаштыруу;
- салтуу эмес абалда оптималдуу чечимдерди тандоо;
- өндүрүштүк ишмердүүлүктүн экономикалык эффектиктүүлүгүн баалоого катышуу;
- өндүрүштүк жабдууларды иштетүүдө пландык алдын ала оңдоону уюштуруу жана пландаштыруу;
- өндүрүштүк жабдууларды иштетүүдо жана техникалык колдонууда техникалык коопсуздугун камсыздоо.

**Куруулук-тууралоо:**

- өндүрүштүк жабдууларды тууралоо жана куруулук иштерин жүргүзүү;
- өндүрүштүк жабдууларды колдонууга берүү жана сыноону жүргүзүү;

**Сервистик-пайдалануу:**

- полиграфиялык системдерди жана тестөөлөрдү берилген фунционалдык мүнөздөмөлөргө жана сапаттык критерийлерге ылайык ишжөндөмдүүлүгүн коштоо жана колдоо;
- полиграфиялык системдердин жашоо мөөнөтүнө (циклине) шарт түзүү; басууга чейинки системдердин берилиштерин жана басуу өндүрүшүнүн системдик маалыматтарын берүүнүн бүтүндүгүн жана коопсуздугун камсыздоо;
- жаңы полиграфиялык системдерди өзгөрүп жаткан шарттарга жана жаңы полиграфиялык тектерге көндүрүү;

- полиграфиялык системдерди иштетүү боюнча нускамаларды түзүү;
- жабдууларды орнотууда жана оңдоо иштерин алып барууда коопсуздукту камсыздоону уюштуруу.

16. Орто кесиптик билим берүүнүн 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча, негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү:

- кесиптик иш-аракеттерди аткарууга (14-п.) жана кесиптик милдеттерди чечүүгө (15-п.);
- тиешелүү адистиктер боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү **740600 «Полиграфиялык жана таңгактоо өндүрүшүнүн тестөөсү», 710200 «Маалыматтык системдер жана тестөөлөр» багытынын «Медиаиндустрияда маалыматтык системдер жана тестөөлөр»** профилинин программасын, бири бирине окшош багыттар боюнча ылдамдатылган мөөнөттө өздөштүрүүгө даярдалды

## 4-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

17. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы адистикке тиешелүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын, улуттук квалификациялык алкактын, тармактык/ тармактык дасыктык алкактын жана кесиптик стандарттардын (эгер бар болсо) негизинде иштелип чыгат.

Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен, билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөрдөн турган сунуштарга ылайык 5 жылдан кем эмес мөөнөттө жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуудан;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен редензиялоого мониторинг жүргүзүүдөн;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтурүүчүлөрдүн компетенцияларынын дедгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуудан;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуудан;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын

жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуудан, аларды колдонуунун натыйжалуулугун контролдоодон, анын ичинде окуп жаткандарга сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдөн;

- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоодон.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу эки багыттагы мамлекетгик аттестациялоону камтышы керек.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягыида жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйыныктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын министрлер кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин

коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунуи реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

22. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралгап конкреттуу сабактарды тандап алууга укуктуу.

23. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

24. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35 пайызынан ашпоосу керек.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарга берилген окуу дисциплинасы (модуль) боюнча экзаменге даярдануу үчүн берилген убакыт кирет.

26. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

27. Сырттан окуган учурда, студентке жылына кеминде 150 саат өлчөмүндө окутуучу менен чогуу окууга мүмкүнчүлүк берилиши керек.

28. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде эки жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

29. 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 15-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) жалпы (ЖК):**

ЖК-1. Өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү.

ЖК-2. Стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү.

ЖК-3. Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу.

ЖК-4. Кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу.

ЖК-5. Командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү.

ЖК-6. Команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу.

ЖК-7. Жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө көнүү.

ЖК-8. Чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу.

***б) кесиптик иштин негизги түрлөрүнө туура келген, кесиптик (КК):***

*Кесиптик жана технологиялык ишмердик:*

КК – 1. Жаңы буюмду чыгаруу учурунда басуу жана басууга чейинки жараяндарды аткарууга жөндөмдүү.

КК – 2. Басуу жана басуудан кийинки өндүрүштүк бөлүмдөрдө сапаттык менеджмент боюнча тестөөлүк жараяндардын иш кагаздарын дярдоого жөндөмдүү.

КК–3. Полиграфиялык буюмдарды чыгарууга техникалык тапшырмаларды даярдоого жөндөмдүү.

КК – 4. Полиграфиялык буюмдарды чыгарууга тестөөлүк жараяндардын схемасын түзүүгө жөндөмдүү.

*Куроолук-технологиялык ишмердиги:*

КК – 5. Тестөөлүк жараяндарды долборлоо боюнча билимге ээ.

*Уюштуруу – башкаруу ишмердиги:*

КК – 6. - Иш ордун уюштуруу, аны техникалык камсыздоо, өндүрүштүк бөлмөлөрдө компьютердик-басма жабдууларын жайгаштырууга жөндөмдүү.

КК – 7. Полиграфиялык өндүрүштүн обьектин долболоодо сапатын камсыздоо үчүн өндүрүштүк жана өндүрүштөн тышкары кеткен каражаттарды баалоого жөндөмдүү.

КК – 8. Басуу өндүрүшүндөгү кирген маалыматтардын сапатын көзөмөлдөөнү уюштурууга жөндөмдүү.

КК – 9. Полиграфиялык буюмдарды чыгаруу үчүн техникалык тапшырмага ылайык полиграфиялык жабдууларды жана тектерди тандоого жөндөмдүү.

КК – 10. Өндүрүш иштерин пландаштырып, уюштуруп, аткаруучулар тобунун ишин уюштурууга жөндөмдүү.

КК – 11. Өндүрүш жабдууларын оңдоодо жана иш учурунда коопсуз эмгекти уюштуруу боюнча билимге ээ.

КК – 12. Кардарлар менен иштөөнү билет.

КК – 13. Стандарттык эмес кырдаалда ишти пландаштырууда мыкты чечимдерди тандап алууга даяр.

*Куроо- оңдоо ишмердиги:*

КК – 14. Өндүрүштүк жабдууларды куроо жана оңдоо иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү;

КК – 15. Технологиялык жабдууларды сынактан өткөрүп ишке өткөрүпберүүгө жөндөмдүү.

*Сервистик – эксплуатациялык ишмердик:*

КК – 16. Полиграфиялык системдерди жана тестөөлөрдү берилген фунционалдык мүнөздөмөлөргө жана сапаттык критерийлерге ылайык иш жөндөмдүүлүгүн коштоо жана колдоого жөндөмдүү.

КК – 17. Полиграфиялык системдердин жашоо мөөнөтүнө (циклине) шарт түзүүгө; басууга чейинки системдердин берилиштерин жана басуу өндүрүшүнүн системдик маалыматтарын берүүнүн бүтүндүгүн жана коопсуздугун камсыздоого жөндөмдүү.

КК – 18. Технологиялык процесстин ар бир баскычында полиграфиялык өнүмдөрдүн кемчиликтерин аныктоого жана анын пайда болушунун себептерин билүүгө жөндөмдүү.

КК – 19. Өзүнүн кесиптик аймагында кызмат көрсөтүү жана буюмду өндүрүү жараянын оптималдаштыруу боюнча иш чараларды иштеп чыгууга катышууга жөндөмдүү.

30. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы төмөнкү окуу циклдерин үйрөнүүнү карайт:

1 блок “Сабактар (модульдар)”

1) жалпы гуманитардык цикл;
2) математикалык жана табигый илимдер циклы;

3) кесиптик цикл;
4) дене тарбия.
2 блок “Практика”;
3 блок «Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация».

Орто кесиптик билим берүү мекемеси мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык базалык билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациялык алкакка ылайык окуу натыйжаларына жетишүү үчүн жооп берет.

Негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиналардын (модулдардын) жыйындысы жана алардын эмгек сыйымдуулугу, орто кесиптик билим берүү мекемеси блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча иштеп чыгат, анын өнүгүү натыйжаларына талаптарды эске алуу менен улуттук квалификациялык алкакта каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысынын формасы.

Негизги кесиптик билим берүү программасы жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарын жүзөгө ашырууну камсыз кылышы керек, алардын тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Аталган дисциплиналардын мазмуну жана ишке ашыруунун тартиби тиешелүү кесип боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан белгиленет.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы ушул стандартка тиркелген түзүмгө ылайык иштелип чыккан.

31. Сабактардын ар бир циклы базалык (милдеттүү) жана вариативдик бөлүккө ээ болушу керек. Вариативдуу бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Элективдүү бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда, милдеттүү бөлүктүн көлөмү негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан ашпоого тийиш.

Орто кесиптик билим берүү мекемеси ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын талабы боюнча) негизги билим берүү программасына ылайык, алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жана зарылчылыкка жараша өнүгүүнүн бузулушун оңдоону камсыз кылуу менен жана бул адамдардын социалдык адаптацияланышына мүмкүнчүлүк бериши керек..

32. 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуучу

сабактын профилине ылайык келген базалык билими бар жана системалык түрдө илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Кесиптик циклдын окутуучулары даярдоонун тийиштүү адистиги/ багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болуулары керек.

Кесиптик циклдагы мугалимдердин сапаттык курамын баалоодо 10 жылдан ашык стажы бар өндүрүш кызматкерлери эске алынат.

Штаттык окутуучулардын саны биилм берүү программасынын оутуучуларынын жалпы санынан 80% кем болбошу керек. Окутуучулардын саны студенттерге сатыштырмалуу 1:12 ден кем эмес катышында болуусу керек.

33. 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу орто кесиптик окуу жайлардын билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды (түзүлүүчү компетенцияларды эсепке алуу менен аныкталат) камтууга тийиш.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердинкамсыз болуусу бир студентке 0,5 нускадагы ченемге ылайык келиши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

Окуу-усулдук камсыздоо (бүтүрүү жылдарына ылайык) окуу куралы – 0,5 даана бир студентке, тажрыйба ишинин, амалияттык ишинин жана курстук ишинин усулдук колдонмолору - 1:1.

МББС негизиндеги талаптарга ылайык милдеттүү түрдөгү окуу куралдары жана усулдук колдонмолор окуу программалар менен белгиленет. Окуу куралы катары нускаланып басылып чыгарылган дарстардын конспекттери жана электрондук окуу куралдары колдонулуусу мүмкүн.

34. Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын жүзөгө ашырган билим берүү уюму заманбап компьютердик жабдуулар жана мультимедиа каражаттары менен жабдылган, лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык окутуунун бардык түрлөрүн, студенттердин практикалык даярдыгын камтыган материалдык-техникалык базага ээ болушу керек. орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планы, учурдагы санитардык жана өрт коопсуздугунун эрежелерине ылайык келген кесиптик билим берүү, ошондой эле

техникалык окуу куралдары менен жабдуу боюнча ченемдик талаптар: студенттердин / шаймандардын катышы - 3/1 кем эмес.

Эки кезектик окуу түрүн эсепке алуу менен бир студентке 7 кв. м.пайдалуу аянт туура келүүсү зарыл.

Ошондой эле төмөндөгүдөй объекттер болуусу керек: жыйындар залы – 1, спорттук зал – 1, ашкана – 1, медициналык пункт – 1.

## 261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча окуу бөлмөлөрүнүн, тажрыйбаканалардын жана башка бөлмөлөрдүн БОЛЖОЛДУУ ТИЗМЕСИ

**Кабинеттер:**

Кыргыз тили жана адабияты

Орус тили жана адабияты

Чет тили

Математика

Информатика

Кыргызстандын тарыхы

Манас таануу

География жана экология

Социалдык-экономикалык дисциплиналар

Жашоо коопсуздугу жана эмгекти коргоо

**Тажрыйбаканалар:**

Компьютердик торколоонун негиздери

Сапатты башкаруу

Маалыматтык тестөөлөрдүн негизи

Метрология, стандартташтыруу жана сертификациялоонун негиздери

Полиграфия өндүрүшүнүн тестөөсүнүн негиздери

Басуу жараянынын тестөөсү

Басууга чейинки жараянынын тестөөсү

Басылмалардын сүрөттөрүн жасалгалоо

Полиграфиядагы маалыматтарды кайра иштеп чыгуунун тестөөсүнүн негиздери

Маалыматтарды ондоонун негиздери

Басуудан кийинки жараяндын тестөөсү

**Спорттук комплекс:**

Спорт залы, кеңири профилдеги ачык стадион.

**Зал:**

Китепкана, Интернет тармагына чыгуу мүмкүнчүлүгү менен окуу залы;

Жыйындар залы,
Электрондук китепкана,

**Чеберканалар:**

Окуу-маалымат борбору.

**261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча программаны ишке ашыруу үчүн лабораторияларды, кабинеттерди окуу жабдуулары менен материалдык-техникалык жабдуу**

| к/н № | Кабинеттин (лабораториянын) аталышы | Жабдуулардын тизмеси |
|---|---|---|
| 1. | Кыргыз тили жана кыргыз адабияты кабинети | Лицензиялык программалык камсыздоо менен компьютер, интерактивдүү панель, маркер тактасы, окуу жана маалымдама адабияттар. |
| 2. | Орус тили жана адабияты кабинети | Лицензиялык программалык камсыздоо менен компьютер, интерактивдүү панель, маркер тактасы, окуу жана маалымдама адабияттар. |
| 3. | Чет тили кабинети | Лицензиялык программалык камсыздоо менен компьютер, интерактивдүү панель, маркер тактасы, мультимедиялык лингафон кабинети 28 орундуу Диалог-3, окуу жана маалымдама адабияттар. |
| 4. | Математика (кесиптик математика) кабинети | Лицензиялык программалык камсыздоо менен компьютер, геометриялык дене моделдери, көмүр, циркь, маалымдама адабият, магниттик такта, математикалык формулалары бар стенддер. |
| 5. | Информатики кабинети | Лицензиялык программалык камсыздоосу бар компьютерлер, принтер, маалымдама материалдар, программалык камсыздоо, окутуу программалары AutoCAD, Electronics Workbench, CorelDRAW, алгоритмдер жана аткаруучулар, кумир. |
| 6. | Кыргызстандын тарыхы кабинети | Лицензиялык программалык камсыздоо менен компьютер, интерактивдүү панель, маркер тактасы, окуу жана маалымдама адабияттар. |
| 7. | Манас таануу кабинети | Лицензиялык программалык камсыздоо менен компьютер, интерактивдүү панель, маркер тактасы, окуу жана маалымдама адабияттар. |
| 8. | География жана экология кабинети | Лицензиялык программасы бар компьютер, интерактивдүү панель, маркер тактасы, окуу жана маалымдама китептери, дүйнөнүн саясий жана физикалык картасы. |
| 9. | Социалдык-экономикалык | Лицензиялык программалык камсыздоо, мультимедиа проектору, окуу жана |

| | | |
|---|---|---|
| | дисциплиналар кабинети | маалымдама адабияты бар компьютер. |
| 10. | Жашоо коопсуздугу жана эмгекти коргоо кабинети | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, мультимедиялык проектор, экран, жарандык коргонуу жана өзгөчө кырдаалдар үчүн стенддердин комплекти, дем алуу органдарын жана терини коргоонун жеке каражаттары; биринчи жардам көрсөтүүчү жабдуулар. |
| 11. | Компьютердик торколоонун негиздери лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, интерактивдүү панель, көрсөтмө куралдар, видеоадаптер, принтер, плоттер (граф куруучулар), графикалык киргизүү түзүлүштөрү, сканерлер ж.б. |
| 12. | Сапатты башкаруу лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, интерактивдүү панель, ISO стандарттары сериясы 9000, 9001 ж.б. |
| 13. | Маалыматтык тестөөлөрдүн негизи лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, интерактивдүү панель, көрсөтмө куралдар, камтылган компьютерлер, Adobe Photoshop, CorelDRAW ж.б. |
| 14. | Метрология, стандартташтыруу жана сертификациялоонун негиздери лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, интерактивдүү панель, көрсөтмө куралдар, өлчөөчү приборлор, өзгөрткүчтөр, көрсөткүчтөр, эталондор ж.б. |
| 15. | Полиграфия өндүрүшүнүн тестөөсүнүн негиздери лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, интерактивдүү панель, көрсөтмө куралдар, полиграфиялык машиналардын түрлөрү; басып чыгаруу үчүн кагаз түрлөрү; басып чыгаруу сыялары; байлоочу материалдар. |
| 16. | Басуу жараянынын тестөөсү лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, интерактивдүү панель, көрсөтмө куралдар, басып чыгаруучу машиналар, принтерлер, плоттерлор, тегиздөөчүлөр ж.б. |
| 17. | Басууга чейинки жараянынын тестөөсү лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, интерактивдүү панель, көрсөтмө куралдар, жалпак же барабан сканерлери, фототерүү машиналары, түстөрдү текшерүүчү аппарат, көчүрмө рамка. |
| 18. | Басылмалардын | Лицензияланган программалык камсыздоосу |

| | | |
|---|---|---|
| | сүрөттөрүн жасалгалоо лабораториясы | бар компьютер, интерактивдүү панель, көрсөтмө куралдар, камтылган компьютерлер, мамлекеттик стандарт, Adobe Photoshop, CorelDRAW ж.б. |
| 19. | Полиграфиядагы маалыматтарды кайра иштеп чыгуунун тестөөсүнүн негиздери лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, интерактивдүү панель, «Компьютер – басма табак» санарип технологиясы, көрсөтмө куралдар |
| 20. | Маалыматтарды ондоонун негиздери лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, интерактивдүү панель, көрсөтмө куралдар, камтылган компьютерлер |
| 21. | Басуудан кийинки жараяндын тестөөсү лабораториясы | Лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютер, интерактивдүү панель, көрсөтмө куралдар, камтылган компьютерлер, кесүүчү, ламинаттоочу, бүктөгөн жана лактоочу машиналар ж.б. |
| 22. | Спорт залы | Спорттук тренажерлор, керектүү спорттук инвентарлар, баскетбол үчүн тактайлар, теннис үстөлдөрү. |
| 23. | **Чеберканалар:** Окуу-маалымат борбору | Студенттердин саны боюнча жумуш орундары; мугалимдин жумуш орду; аппараттык же программалык-аппараттык түзүлүштөр, материалды аралаштыруу үчүн тегирмен, баш куту, пресс, кургаткыч, аптечка; өрт өчүргүч ж.б. |

34. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын министрлер кабинети аныктай турган орто кесиптик билим берүүчү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун тартибин эске алуу менен орто кесиптик окуу жайы тарабынан аныкталат.

**261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү**

| Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын түзүмү | | Негизги кесиптик билим берүү программасынын жана анын окуу циклдеринин кредиттердеги көлөмү |
|---|---|---|
| | | **1 жыл 10 ай** |
| **1-блок** | **I. Жалпы гуманитардык цикл** | **99** |
| | **II. Математикалык жана табигый илимий цикл** | |
| | **III. Кесиптик цикл** | |
| | **Дене тарбия(көрсөтүлгөн семестрлерде жумасына 2 сааттан)** | **3-5 семестрлер** |
| **2-блок** | **Практика** | 15 |
| **3-блок** | **Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация** | **6** |
| **Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын көлөмү** | | **120** |

**261203 - «Полиграфиялык өндүрүш» адистиги боюнча базалык деңгээлиндеги орто кесиптик билим берүүнүн болжолдуу окуу планы**

квалификация – **техник-технолог**
окуу формасы – күндүзгү
Окутуунун ченемдик мөөнөтү:
**жалпы орто билим берүүнүн базасында 1 жыл 10 ай**

| № п/п | Окуу сабактарынын аталыштары (практикаларды кошкондо) | Жалпы эмгек сыйымдуулугу | | Семестрлер боюнча болжолдуу бөлүнүшү (*) | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредиттер менен | Сааттар менен | 3 семестр | 4 семестр | 5 семестр | 6 семестр |
| | | | | Апталардын саны | | | |
| | | | | 12-18 | 12-18 | 12-18 | 9-18 |
| 1-блок | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабият | 3 | 90 | x | | | |
| | Орус тили | 2 | 60 | x | | | |
| | Чет тили | 2 | 60 | | x | | |
| | Кыргызстдын тарыхы | 4 | 120 | x | | | |
| | Манастаануу | 2 | 60 | | x | | |
| | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 | | x | | |
| | **Өзгөрмө бөлүк** | **3** | **90** | | x | | |
| | **ЖАЛПЫСЫНАН:** | **18** | **540** | | | | |
| | **Математикалык жана табигый илимий цикл** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | x | | | |
| | Компьютердик чийүү жана мультимедиа | 2 | 60 | x | | | |
| | **Өзгөрмө бөлүк** | **2** | **60** | | x | | |
| | **ЖАЛПЫСЫНАН:** | **6** | **180** | | | | |
| | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **38** | **1140** | | | | |
| | Компьютердик торколоонун негиздери | 5 | 150 | | x | | |
| | Маалыматтык тестөөлөрдүн негизи | 5 | 150 | | x | | |
| | Полиграфия өндүрүшүнүн тестөөсүнүн негиздери. | 5 | 150 | x | | | |
| | Басуу жараянынын тестөөсү | 5 | 150 | | x | | |
| | Басууга чейинки жараянынын тестөөсү | 5 | 150 | x | | | |
| | Полиграфиядагы маалыматтарды кайра иштеп чыгуунун тестөөсүнүн негиздери | 5 | 150 | | | | x |
| | Басуудан кийинки жараяндын тестөөсү | 5 | 150 | | | x | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Полиграфиялык өндүрүштүн бөлүктөрүн долборлоо | 3 | 90 | | | х | |
| | **Өзгөрмө бөлүк** | **37** | **1110** | х | х | х | х |
| | **ЖАЛПЫСЫНАН:** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Теориялык окутуунун жыйынтыгы:** | **99** | **2970** | | | | |
| | **Дене тарбия (**)** | | **Жумасына 2 с** | х | х | х | |
| **2-блок** | **Практика(***)** | **15** | **450** | х | х | х | х |
| **3-блок** | **Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация (****)** | **6** | **180** | | х | | х |
| | **Негизги билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | **120** | **3600** | 30 | 30 | 30 | 30 |
| | (**) дене тарбия жалпы эмгек сыйымдуулугуна кирбейт | | | | | | |
| | (***) практикалардын саны жана түрү ОКОЖдун кесибинин өзгөчөлүгүнө жараша | | | | | | |
| | (****) жыйынтыктоочу мамлекеттик экзаменди окуу жай аныктайт. | | | | | | |